# «АУБдун» жетекчилери Улуттук банкка утулду



**«АзияУниверсалБанктын» мурдагы жетекчилери Н.Абдразаков менен Ч.Кемпирбаеванын талашын КРнын Конституциялык палатасы карап чыгып, Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларын конституцияга ылайык экенин тааныды.**

Алар доо арыздары боюнча, Улуттук банктын айрым ченемдик-укуктук актылары конституцияга каршы экен. Бирок, алардын бул доо арыздары канааттандырылган жок.

Мурда Н.Абдразаков «АзияУниверсалБанк» ААК Башкармалыгынын төрагалык кызматын ээлеп, Ч.С.Кемпирбаева «АзияУниверсалБанк» ААК вице-президент кызматын аркалаган. Алардын Улуттук банк тарабынан, банктык тажрыйбада алгылыктуу эмес, кооптуу деп классификацияланган иш-аракеттерге катышы бар экени аныкталган.

КРнын Улуттук банкы, коммерциялык банктардын ишмердигин көзөмөлдөөчү орган. Банктардын бардыгы уруксат берилген ишмердикти жүргүзүүсүн талап кылууга, ошондой эле банктардын жетекчилиги, банк ишмердигинде кынтыксыз абройго ээ болуусун талап кылууга укуктуу. Анткени, аларга элдин акча каражаты, мүлкү ишенип берилет эмеспи. Милдеттүү талаптарды макулдашуу процедурасы, КР Улуттук банкына банктардагы жооптуу жетекчилик кызматтарга ишенимдүү адамдардын өтүшүнө мүмкүнчүлүк берет. Эгерде, бул адамдар мыйзамдагы нормаларды бузса, муну менен элдин ишенииминен кетсе, Улуттук банк аларды берилген укуктун негизинде алмаштырууга акылуу» - деп айтылат КРнын Конституциялык палатасынын соттук чечиминде.

«КРнын Улуттук банкы лицензиялабаган банктар жана айрым финансы-кредиттик мекемелерге карата чара колдонуу» Жобосунун 6.9.3 жана 6.9.4-бөлүмдөрү каралып, ал «КР банктар жана банктардын ишмердиги тууралуу» 1,2,7-беренеси 45-1-мыйзамында көрсөтүлгөн. Андыктан, банктагы бардык же айрым жетекчилерди алмаштыруу жана алардын андан ары банк ишмердигин жүргүзүүгө тыюу салуу мыйзамдын негизинде каралган. «КР банктардын ишмердигин лицензиялоо» Жобосунун 16.1-бөлүмүнүн 5(б)-бөлүкчөсү коммерциялык банктардагы жетекчилик кызматка, талапкерлерди макулдашуу тартибин регламенттөө, ал «КР банктар жана банктардын ишмердиги тууралуу» мыйзамдын 25-1-беренесинде көрсөтүлгөн деп жазылат Конституциялык палатанын чечиминде.

Жогорудагы келтирилген талаптарды эске алып, Конституциялык палата «КРнын Улуттук банкы лицензиялаган банктар жана айрым финансы-кредиттик мекемелерге карата чара колдонуу» Жобосунун 6.9.3 жана 6.9.4-бөлүмдөрүн, ошондой эле, «Банктардын ишмердигин лицензиялоо» Жобосунун 16.1-бөлүмүнүн 5(б)-бөлүкчөсүнө карата доогерлердин дооматтары негизсиз деп эсептелсин деген бүтүм чыгарды. Ошентип,"АзияУниверсалБанктын» мурдагы жетекчилери Н.Абдразаков менен Ч.Кемпирбаеванын доо арыздары канааттандырылган жок

Конситуциялык палатанын чечими акыркы болуп эсептелинип, ал жарыялангандан тарта күчүнө кирмекчи.

**Тынар БЕЛЕКОВА**